**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин жыйынынын №1 протоколунун**
**КӨЧҮРМӨСҮ**

11-февраль 2022-жыл. Жалал-Абад шаары.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин жыйынында 11 адамдын ичинен 9 адам катышты. Жыйынды баштоого кворум бар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасын, катчысын бекитүү - Жалпы мүчөлөр.
2. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин 2022-календардык жылына карата Көзөмөлчүлүк кеңешинин иш планын бекитүү - Жалпы мүчөлөр.

**УГУЛДУ:** Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасын, катчысын бекитүү боюнча сунуш берилди.

Төрагалыкка Эрматов Н.М., Алыбаев Э.К. сунушталды. Алыбаев Э.К. убактысынын аздыгын жана билим берүү тармагы боюнча тажрыйбасы жетишсиз экендигин айтып, А.А.Токтосуновду көрсөтүү сунушун билдирди. Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчылыгына университетте иштеп жаткан адамдын дайындалуусу, иш кагаздарын жүргүзүү керектигин белгилешип, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуу катчысы Б.Н.Алымкулов сунушталды.

Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү ачык добуш берүү менен Токтосунов Акылбек Адешовичти Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгына: «Макул» - 9, «Каршы» - жок, «Калыс» - жок жана катчы болуп, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окумуштуу катчысы Алымкулов Бегижан Номанжановичти «Макул» - 9, «Каршы» - жок, «Калыс» - жок бекитишти.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү ачык добуш берүүнүн негизинде

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагалыгына жана катчылыгына:

**1.1.** Токтосунов Акылбек Адешович - Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы;

**1.2.** Алымкулов Бегижан Номанжанович – катчысы болуп дайындалсын.

**2-маселе**

**УГУЛДУ:** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2022-календардык жылына карата иш планынын бекитүүгө сунуштады. Иш планга тиешелүү кошумчалар киргизилди.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү ачык добуш берүүнүн негизинде

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

**2.1.** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин 2022-календардык жылына Көзөмөлчүлүк кеңешинин иш планы бекитилсин.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин биринчи отуруму.**

*Көчүрмөсү анык:*
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы: Алымкулов Б.Н.